**КАЧИЕВА А.Е.**
*КББА*

# КЛАСС ЖЕТЕКЧИНИН АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУСУ

***Түйүндүү сөздөр:*** *үй-бүлө, класс жетекчи, ата-энелер, функция.*

Бүгүнкү күндө балдар менен ата-энелер ортосундагы мамилелердин кризиси байкалууда. Мунун бардыгы өлкөнүн саясий жана экономикалык турмушу менен байланыштуу. Коомдогу калктын бай, кедей болуп кескин бөлүнүшү үй-бүлө ичиндеги мамилелерге да зор таасир тийгизүүдө. Тигил же бул шарттарда да ата-энелер материалдык жакка көңүлдү бурушуп, үй-бүлөдөгү пикирлешүүгө аз көңүл бөлүшүүдө. Мунун натыйжасында адамды түшүнүүнүн эмоционалдык компоненти четке чыгып калып жатат. Балдарга болгон мамилени компенсациялоочу нерсе – кымбат баалуу белектер болуп калды, бирок бул үй-бүлөнү сактабайт.

Коомдогу бардык таалим-тарбия берүүчү мекемелердин ичинен үй-бүлөнүн мааниси зор [2], анткени балдардын алгачкы өсүп-өнүгүүсү, калыптанышы, социалдык мамилени, байланышты өздөштүрүүсү үй-бүлөдөн башталат. Үй-бүлө [6] баланын инсандык, адеп-ахлактуулук сапаттарын жеке жөндөмдүүлүгүн өстүрүп, активдүүлүккө, аракетчилдикке, чыгармачылыкка тарбиялайт. Үй-бүлөнүн аткарган милдеттери ар түрдүү. Аларга кайрылалы: *биринчиси, репродиктивдүү* (productjo [5] - кайрадан жаратуу, көбөйтүү) функция адамдын тукмун көбөйтүү, тукум күтүү, балалуу болуу милдетин аткаруу дегенди билдирет. *Экинчиси, эконимикалык жана турмуш тиричилик функция.* Байыркы замандан бери эле үй-бүлө турмуш-тиричиликтин ордосу. Дыйканчылык, мал чарбачылык, кол өнөрчүлүк жана соода-сатык иштери-үй-бүлөнүн өбөлгөсү. Азыркы базар эконимикасына байланыштуу байлыкка умтулуу, жеке менчикке ээ болуу, өз алдынча оокат өткөрүү бул функциянын маанилүү милдети. *Үчүнчүсү, социалдаштыруу функциясы.* Бала үйдөн коомдо жашоого керектүү болгон сапаттарды, мамилени, байланыштарды өздөштүрөт. Ар түрдүү коомдук көрүнүштөрдү билип, ылайыкташып жашоо, окуу,билим алуу, кесип тандоо, кесипке ээ болуу социалдашуунун эң негизги максаты. Социалдык жүрүм-турум эрежелерин, нормаларды сактоо менен коомдо жашоого көнүктүрүү элдик үрп-адаттарды, маданияттарды үйрөнүп, инсан болууга үй-бүлө жардам берет. *Төртүнчүсү, тарбиялоо функциясы.* Ата-эне биринчи тарбиячылар жана алар бала үчүн кам көрүп, келечегин ойлоп, окутуп, ден-соолугун сактап чоңойтот. *Бешинчиси, психотерапиялык функция.* Бул баланын үйдө өзүн жайлуу сезип, ата-энесинин жанында жат көрүнүштөрдөн сакталган “менин үйүм-менин сепилим” дегендей, бала үчүн үй-бүлө чексиз таяныч, ишенимдүү билим, калкалаган жай болушун камсыз кылуу дегенди билдирет.

Класс жетекчи менен үй-бүлөнүн карым-катнашынын чыгармачыл кызматташтыгынын маңызын, баарынан мурда бул эки тарап тең баланы таанып-билүүгө, үйрөнүүгө, өзүнчө жакшы салттарды жана касиеттерди, сапаттарды ачууга жана өнүктүрүүгө кызыкдар экендигинде турат. Бул педагогдор менен ата-энелердин, окуучулардын өзүн-өзү аныктоосу жана реализациялоосу үчүн зарыл болгон сапаттарды жана касиеттерди калыптандыруу үчүн биргелешип иш алып баруусун күчөтөт.

Класс жетекчинин үй-бүлө менен болгон байланышын түзүүдө төмөнкүдөй бир катар психолого-педагогикалык эрежелерди сактоосу зарыл: *биринчи эреже,* мектептин жана класс жетекчинин үй-бүлө жана коомчулук менен болгон ишинин негизин ата-энелердин кадыр-баркын бекемдөөгө жана жогорулатууга багытталган иш-аракеттер түзөт. *Экинчи эреже,* ата-энелердин тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүнө ишенүү, тарбиялоодо алардын педагогикалык маданиятын жана активдүүлүгүн жогорулатуу. *Үчүнчү эреже,* педагогикалык такт, ар бир баланын ата-энесине сый сезимин билдирүү жана балага зыян тийгизбей, пайдалуу нерсе бериши керек. *Төртүнчү эреже*, тарбиялоо проблемаларын чечүүдө баланын оң сапаттарына, үй-бүлөнүн күчтүү жактарына таянуу.

Тажрыйба көрсөткөндөй, көптөгөн класс жетекчилер бул байланыш окуу чейрегинин аягында жетишүүнүн жыйынтыгы боюнча ата-энелердин чогулушун өткөрүү менен жана сабактан жетишпеген же тартипсиз окуучулардын ата-энесин мектепке чакыруу менен чектелет. Мындай учурларда класс жетекчи өзүнүн окуучуларынын үй-шарттарын начар билет жана ал натыйжалуу жыйынтыкка алып келбейт.

Азыркы мезгилдин талабына ылайык, ата-энелер менен иштөө натыйжалуу болуш үчүн алар менен байланышуунун төмөндөгүдөй бир нече түрлөрүн пайдалануу зарыл: окуучулардын үйүнө баруу, педагогикалык тапшырмаларды уюштуруу, иштиктүү оюндарды, тренингдерди, диспуттарды өткөрүү жана башкаларды колдонсо болот.

Класс жетекчинин ата-энелер менен болгон байланыштын эң маанилүүлөрүнүн маанисин чечмелеп көрөлү: *биринчиси, окуучулардын үйүнө баруу* - ата-энелер менен жекече иштөөнүн абдан таралган жана таасирдүү түрү [3]. Бул байланышууда класс жетекчи аңгемелешүүдөн окуучунун мүнөзү, анын кызыкчылыктары жана мамилеси тууралуу түшүнүк алат жана жеке гигиенаны, режимди жана коомдук эрежелерди сактоо тууралуу педагогикалык кеңеш берет. Бир эле учурда ал окуучунун терс, кемчилик жактарын белгилебестен, баланын окуудагы жетишүүсү жана тартиби тууралуу, коомдук пайдалуу эмгектеги ийгиликтери жөнүндө ата-энеге билдирүү абдан маанилүү. Класс жетекчи окуучунун үйүнө барууда күн мурунтан ата-эне менен бара турган күнүн белгилеп, ага даярдануусу керек. *Экинчиси, педагогикалык тапшырмаларды ата-энелерге берүү.* Педагогикалык тапшырмалардын [8] төмөндөгүдөй түрлөрүн сунуштоого болот: а) балдар менен түздөн-түз иштөө (жекече, топтук), кызыкчылыктары боюнча кружокторду жетектөө (балдар клубдары, жашаган жерлери боюнча бирикмелер, спорттук секциялар, ийримдер) жана жекече демөөрчүлүк, насаатчылык; б) мугалимге уюштуруу жактан жардам көрсөтүү: жолугушуу кечелерин уюштуруу, экскурсияны өткөрүү (унаа, путевка менен камсыз кылуу), китеп сүйүүчүлөр клубун түзүү жана башкалар; в) мектептин материалдык базасын бекемдөө, көрктөндүрүү, ремонт иштерине жардам берүү жана класстарды жабдууга катышуу жана башкалар. *Үчүнчүсү, ата-энелер чогулуштарын уюштуруу жана өткөрүү.* Бул класс жетекчи менен ата-энелердин байланышынын [1] бир топ жайылтылган түрү. Чогулуш класстагы таалим-тарбия иштеринин милдеттери жана абалы менен тааныштыруу максатында ар бир окуу чейрегинин аягында өткөрүлөт. Жакшы даярдалган жана билгичтик менен өткөрүлгөн чогулуштун максаты - ата-энелерди педагогикалык билимдер менен куралдандыруу, балдарды үй-бүлөдө тарбиялоонун алдыңкы тажрыйбалары менен тааныштыруу болуп саналат. Чогулушунун темалары төмөнкүдөй болушу мүмкүн: «Суицид деген эмне?», «Мектеп окуучуларынын жаш курактык өзгөчүлүктөрү», «Азыркы учурда балдарга кандай жардамга муктаж?», «Баланын кесип тандоосунда ата-эненин ролу» жана башкалар.

Ата-энелер чогулушунун [7] төмөндөгүдөй түрлөрү бар:

1. Багыттоочу – мектептин, класстын турмушу менен тааныштырат.
2. Консультациялык - ата-энелер менен балдар менен бирдикте кээ бир суроолорду чечүү боюнча;
3. Жыйынтыктоочу - балдардын (окуудан, чыгармачыл, техникалык жана башкалар) жетишкендиктеринин жыйынтыгы боюнча;
4. Маалыматтык-агартуучулук - тарбиялоо жана билим берүү проблемаларына багытталат.

Биздин оюбуз боюнча, бул иш-чаралар класс жетекчиге баланын өзү менен жакыныраак таанышууга, үй-бүлөнүн жашоосу, үрп-адаттары, руханий баалуулуктары, ата-эне менен баланын ортосундагы карым-катнаштардын стилин ачууга жардам берет.

Демек, класс жетекчинин ата-энелер менен болгон тыгыз байланыш окуучуларга тарбиялык таасир берүү чөйрөсүн кеңейтет жана окуучуларды тарбиялоонун маселелерин ийгиликтүү чечүүгө жардам берет. Ошондуктан педагог ата-энелерди өзүнө тартууга, жогорку деңгээлде педагогикалык кеңеш берүүгө, алардын ишенимине жетишүүгө

аракеттениш керек жана алар менен иштөө эффективдүү болушу үчүн алар байланышуунун ар түрдүү формаларын пайдалануу зарыл.

Биздин оюбуз боюнча, бул иш-чаралар класс жетекчиге баланын өзү менен жакыныраак таанышууга, үй-бүлөнүн жашоосу, үрп-адаттары, руханий баалуулуктары, ата-эне менен баланын ортосундагы карым-катнаштардын стилин ачууга жардам берет

**Адабияттар**


1. Абдыкеримова М.А., Э.Т. Токсомбаева Э.Т., Р.Т. Кадырбекова. Жалпы педагогика. -Бишкек: 2013.-476 б;
2. Азаров Ю.П., Семейная педагогика.-М., 1989.-357 б;
3. Болдырев Н.И., Классный руководитель. М.; “Просвещение” 1955 г. 291с;
4. Дереклеева Н.И., М.Ю.Савченко. Справочник классного руководителя: 5-9 классы; изд,, перераб. и доп.-М.: ВАКО,2011.-416 с.- (Педагогика. Психология. Управление);
5. Жапанов. А., Чет тилдер сөздүгү. 2 том. Б,: Турар 2013.-480б;
6. Осмонова А. Үй-бүлө жана мектеп тарбиясынын алака-катышындагы көйгөйлөр.-Б.: Гүлчынар, 2013-60 б;
7. Родительские собрания 5-8 классы/ Авт.-сост. О.В.Дюжина.- М.: ВАКО, 2014.-250 с;
8. Рожков М.И., Классному руководителю «Гуманитарный издательский центр ВЛАДОС», 1999.-279 с;